КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ХИМИЯ ЖАНА ФИТОТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 02.21.629 Диссертациялык кенеши

Кол жазма укугунда
УДК 547.577.112.37.544.77.051.64.05

МАТАИПОВА АНАРКАН КУШУБАКОВНА

ГЛИЦИРАМДЫН ЖАНА КЭЭ БИР АМИНОКИСЛОТАЛАРДЫН СУПРАМОЛЕКУЛАЛЫК СИСТЕМАЛАРЫНЫН СИНТЕЗИ ЖАНА КАСИЕТТЕРИ

02.00.03 - органикалык химия

химия илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
автореферати

Бишкек - 2022

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин жалпы, клиникалык биохимия жана патофизиология кафедрасында жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институтунун өсүмдүк заттарынын технологиясы лабораториясында аткарылды.

Илимий жетекчиси: **Джуманазарова Асилкан Зулпукаровна**
химия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институтунун өсүмдүк заттарынын технологиясы лабораториясынын башчысы

Расмий оппоненттер: **Токтосунова Батма Бадировна**
химия илимдеринин доктору, профессор, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин “Химия жана химиялык технологиялар” кафедрасынын жетекчиси

Сартова Кулумкан Абдыкеримовна
химия илимдерини кандидаты, доцент, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин химиялык инженерия бөлүмүнүн доценти

Жетектөөчү мекеме: Ташкент химико-технологиялык институту, органикалык химия жана негизги органикалык синтез технологиялары кафедрасы (100011, Өзбекстан Республикасы, Ташкент ш., Навои көч., 32).

Диссертацияны коргоо 2023-жылдын “3” февралында саат 13.00дө химия илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук илимий даражасын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институту жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 02.21.629 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а. Диссертацияны коргоонун видеоконференциясынын ссылкасы http://vc.vak.kg/b/d_0-quu-d21e-lwm

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а), Ош мамлекеттик университетинин китепканасынан (723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331) жана http://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 29 декабрында таркатылды.

Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы,
химия илимдеринин кандидаты,
улук илимий кызматкер Э.А. Шабданова

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Азыркы этапта жаны препарататтарды түзүүнүн перспективдүү жолдорунун бири болуп супрамолекулалык комплекстерди түзүү болуп саналат, натыйжада комплекстердин ккомпонеттеринин касиеттери өзгөргөн, фармакологиялык эффективдүүлүгү жана колдонулуп жаткан дары-дармек каражаттарынын коопсуздугу жогорулаган супрамолекулалык системалар (СМС) түзүлөт (Поляков, Н.Е., 2011). Бул багыттагы изилдөөлөр акыркы үч он жылдыктагы заманбап прикладдык жана фундаменталдык химия илиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Азыркы учурда мия тамырынын карбонгидрат камтыган метаболиттери, атап айтканда, глицирризин кислотасынын эн маанилүү моноаммоний тузу – (глицирам, GC), СМСды алуу үчүн дарылык заттар (фармакондор) менен комплекстерди түзүүдө, алардын эригичтигин биожеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн көмөкчү заттар катары колдонулат (Толстиков, Т.Г., 2007).

Адабияттарды анализдеп чыгуунун натыйжасы көрсөткөндөй, глицирам менен аминокислоталардын негизиндеги СМСды изилдөөлөр жетиштүү эмес, бирок алар олуттуу кызыгууну жаратат. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу глицирамдын негизинде аминокислоталар менен супрамолекулалык системаларды синтездөөнүн жеткиликтүү жана эффективдүү ыкмасын иштеп чыгууда, ошондой эле миллимоллярдык концентрациясында алардын биожеткиликтүүлүгүн жогорулатуучу аминокислоталардын күмүш нитратын камтыган эритмелери менен глицирамдын гидрогелдерин түзүү шарттарын изилдөө болуп саналат.

Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык иште аткарылган илимий изилдөөлөр Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институтунун, ошондой эле Ош мамлекеттик университетинин Медицина факультетинин “Жалпы, клиникалык биохимия жана патофизиология” кафедрасынын планына киргизилген.

Изилдөөнүн максаты: Глицирамдын аминокислоталар менен супрамолекулалык системаларын түзүү жана күмүш нитратынын эритмесинде аминокислоталардын табиятына жараша глицирамдын гидрогелдерин түзүү үчүн шарттарды тастыктоо.

Изилдөө милдеттери:

1. Глицирамдын глицин, L – глутамин, D – аспарагин кислоталары, L – цистеин, L – лизин аминокислоталары менен супрамолекулалык комплекстерин синтездөө.

2. Глицирамдын төмөнкү концентрациядагы эритмелеринин негизинде, L – цистеиндин, L – глутамин кислотасынын, L – лизиндин күмүш нитратын камтыган эритмелери менен гидрогелдерди алуу.

3. Алынган системалардын бекемдигин, структурасын УФ, ИК-спектросокпия, кванттык химиялык эсептөөлөр, поляриметрия, вискозиметрия, жарыктын динамикалык чачыратуусу (ЖДЧ), сканерлөөчү электрондук микроскопиянын жардамы менен изилдөө.

4. Биологиялык активдүүлүктү изилдөөнү жүргүзүү:

- бийик тоолуу шарттарда (Кыргызстан, Төө-Ашуу, 3200м бийиктикте) организмдин ыңгайлашуу мезгилинде глицирамдын L- глутамин жана D – аспарагин кислоталары менен компекстери;
- глицирамдын цистеин, глутамин кислотасы, лизиндин күмүш нитратын камтыган эритмелери менен гидрогелдеринин патогендүү жана шартуу патогендүү микроорганизмдерге *Bacillus cereus, Bacillus subtilis, Escherichia coli, Salmonella abony, Pseudomonas aeruginosa, Staphyloccocus aureus, Candida albicans*) каршы активдүүлүгү.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы. Биринчи жолу глицирамдын жана аминокислоталар: глицин, цистеин, лизин, L- глутамин жана D- аспарагин кислоталарынын негизинде 1:1 катышында супрамолекулалык комплекстери катуу фазада синтезделди жана түзүлүштөрү аныкталды. Биринчи жолу глицирамдын L-глутамин жана D- аспарагин кислоталары менен супрамолекулалык комплекстеринин бийик тоолуу шарттарда (Кыргыз Республикасы, Төө-Ашуу, дениз денгээлинен 3200м бийиктикте) биологиялык активдүүлүгүно сыноо жүргүзүлгөн. Изилденген комплекстердин бийик тоолуу шарттарда нейропротектордук активдүүлүгү түзүлгөн белгиленген. Глицирамдын жана аминокислоталардын (цистеин, глутамин кислотасы, лизин) күмүш нитратынын катышуусунда төмөнкү концентрациядагы эритмелеринин негизинде мурда изилденбеген гидрогелдер алынган жана мүнөздөлгөн. Гидрогелдер жогорку суюлтууларда бактерициддик активдүүлүк үчүн сыналган жана жакшы эффективдүүлүгүн көрсөткөн.

Алынган натыйжалардын практикалык мааниси. Глицирамдын глицин, L-глутамин, D-аспарагин кислоталары, L-цистеин жана L-лизин менен алынган жана изилденген комплекстери жаны касиеттерге ээ экендиги жана жаны келечектүү дарылар болуп санала тургандыгын көрсөтүп турат. Глицирамдын L-глутамин жана D- аспарагин кислоталары менен супрамолекулалык комплекстеринин бийик тоолуу шарттарда нейропротектордук активдүүлүгү белгиленген (Лабораториялык сыноолордун актысы 06.06.2017 ж., 2- тиркеме). Глицирамдын аминокислоталар цистеиндин,

глутамин кислотасынын, лизиндин күмүш нитратын камтыган эритмелеринин катышуусунда алынган гидрогелдери медицина үчүн чон практикалык кызыгууну жаратат жана айкын бактерияларга каршы активдүүлүктү көрсөттү (Лабораториялык сыноолордун актысы 07.09.2020 ж., 3- тиркеме)

Коргоого чыгарылган диссертациянын негизги жоболору:

1. Глицирамдын глицин, , L - глутамин жана D – аспарагин кислоталары, L-цистеин, L - лизин, менен супрамолекулалык комплекстерин синтездөөнүн жана изилдөөнүн натыйжалары, алардын баштапкы компоненттеринен айырмаланган касиеттерге ээ болгон жаны материалдар экендигин тастыктады;

2. Өз ара аракеттенүүнүн мүнөзү, комплекстердин компоненттеринин молекулалар аралык өз ара аракеттенүүлөр үчүн жооптуу функционалдык топторунун мүнозү; глицирамдын глицин, лизин жана глутамин кислотасы менен өз ара аракеттенүүсүнүн кванттык-химиялык моделдөөнүн натыйжалары; комплекстердин термодинамикалык жана физикалык-химиялык мүнөздөмөлөрү.

3. Төмөнкү концентрациядагы глицирамдын цистеиндин кумүш нитраты менен (ЦКЭ), глутамин кислотасынын күмүш нитраты (ГКЭ), лизиндин кумүш нитраты эритмелери (ЛКЭ) менен гидрогелдеринин алардын биожеткиликтүүлүгүн жогорулаткан төмөнкү концентрациядагы уникалдуу компоненттери менен синтезделиши жөнүндөгү маалыматтары; глицирамдын ЦКЭ, ГКЭ, ЛКЭ менен гидрогелдеринин күчүн, реологиялык касиеттерин жана морфологиясын изилдөөнүн натыйжалары.

4. Биологиялык сыноолордун натыйжалары:

а) бийик тоолуу шарттарда (Төө-Ашуу, Кыргызстан, 3200 м) глицирамдын L - глутамин жана D – аспарагин кислоталары сурпамолекулалык комплекстери;

б) глицирамдын ЦКЭ, глицирамдын ГКЭ жана глицирамдын ЛКЭ менен супрамолекулалык гидрогелдеринин бактерициддик активдүүлүгү.

Изденүүчүнүн жекече салымы. Диссертацияда көрсөтүлгөн негизги эксперименталдык жыйынтыктарды автордун өзү же анын түздөн-түз катышуусу менен алынган. Автор тарабынан бардык изилденген композицияларды алуу үчүн оптималдуу шарттар тандалган, алынган үлгүлөрдүн курамы жана физико-химиялык мүнөздөмөлөрү ИК-, УФ – спектроскопия ыкмалары аркылуу изилденген, дисперстик фазанын таралышы өлчөнгөн, морфологиялык түзүлүшү СЭМ менен изилденген. Автор алынган жыйынтыктарды иштеп чыгууну, жалпылоону жүргүзгөн, негизги корутундуларды түзгөн.

Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы. Диссертациянын материалдары “Дары-дармек өсүмдүктөрүнүн ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу” эл аралык илимий-практикалык конференциясында Кыргызстан, Ысык-Көл облусу, Чон-Сары-Ой а. 61-64, 101-106-бб. 2015-ж.16-

17- октябрында; “Аманжол окуулары-2016” Эл аралык илимий-практикалык конференцияда Казакстан илиминин проблемалары жана келечеги”, Казахстан, Уст-Каменогорск, 181-186-бб. 2016 ж. 8-9-декабрында; 8-IUPAC эл аралык симпозиуму “Макро-жана супрамолекулалык архитектура жана материалдар” (MAM-17), Россия, Сочи, Роза Хутор куроттору, 2017-ж. 6-10-июнунда; Стручков конференциясынын химиялык кристаллография жана структуралык биология боюнча 2-Эл аралык семинары, Москва, РУДН, 22-23-бб., 2018-ж. 13-16-ноябрында; Кыргыз-турк жана турк тилдүү мамлекеттердин табият жана медицина илимдери боюнча I Эл аралык конгресси. (Кыргызстан, Ош), ОшМУ, 70-71-бб., 2019-ж. 21-23-апрелинде; Макромолекулалык комплекстер боюнча 18- IUPAC эл аралык симпозиуму (MMC – 18), Москва, Россия, 50-б., 2019-ж. 10-13-июнунда көрсөтүлгөн.

Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы. Диссертациянын темасы боюнча 12 макала жарыяланган, анын ичинде 8 - РИНЦ системасы боюнча индекстелген журналдарда, анын ичинде импакт-фактору 0,1 ден жогору болгон басылмаларда 2 макала жарыяланган.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, жыйынтыктарды талкуулоодон, корутундулардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин материалдары 155 бетти түзөт. Ал 14 таблицаны, 60 сүрөттөрдү, 134 аталыштардан алынган адабияттардын тизмесин жана тиркемелерди камтыйт.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациялык иштин актуалдуулугу, изилдөө объектилерин тандоо, иштин максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси жана коргоого сунушталган негизги жоболору чагылдырылган.

1-бап. Адабий сереп.

1.1. Глицирризин кислотасынын жана анын моноаммоний тузунун (глицирам) комплекс түзүү касиеттеринин структуралык өзгөчөлүктөрү

Глицирризин кислотасынын жана глицирамдын ар түрдүү концентрациядагы эритмелеринде комплекстерди түзүү реакцияларына катышуудагы түзүлүш өзгөчөлүктөрү каралды.

1.2. Комплекс түзүүдө глицциризин кислотасынын жана анын моноаммоний тузунун (глицирам) биологиялык активдүүлүгү кызыгууну жаратат.

Глицирризин кислотасынын жана глицирамдын уникалдуу биологиялык активдүүлүгү жөнүндө маалыматтар келтирилген.

1.3. Глицциризин кислотасынын жана глицирамдын аминокислоталар менен супрамолекулалык комплекстери жана аларды колдонуу аймактары.

Глицирризин кислотасынын жана глицирамдын ар кандай пайдалуу активдүүлүгү бар аминокислоталар менен комплекстери талкууланган.

1.4. Төмөнкү молекулалык салмактагы гидрогелдер – СМС сыяктуу ингредиенттердин жакшыртылган касиеттери жана компонеттердин контролдонуу менен чыгышы.

Башка кошулмалар үчүн транспорттук молекула боло турган L- цистеин жана цистеин күмүш эритмесинин негизиндеги супрамолекулалык гидрогель каралган

2- бап. Изилдөөнүн материалдары жана методдору.

Изилдөөнүн объектиси глицирам, амиинокислоталар (глицин, L – цистеин, L – лизин, D –аспарагин, L – глутамин кислоталары), цистеин-, глутамин кислотасынын жана лизиндин күмүш нитратын камтыган эритмелери жана алардын негизиндеги супрамолекулалык комплекстер.

Изилдөөнүн предмети болуп өзүнө глицирам жана аминокислоталарды камтыган супрамолекулалык системалардын пайда болуу закон ченемдүүлүктөрү жана глицирамдын негизинде аминокислоталардын табиятына жараша күмүш нитратынын эритмесинде (аминокислоталардын күмүш эритмелери) гидрогелдердин пайда болуу шарттары эсептелет.

2.1. Комплекстердин баштапкы компоненттеринин мүнөздөмөсү

Глицциризин кислотасынын моноаммоний тузу – глицирам, аминокислоталар – глицин, цистеин, лизин, глутамин жана аспарагин кислоталары каралган.

2.2. Диссертациялык иште колдонулуучу бирикмелердин түзүлүшүн изилдөө методдору.

2.2.1. ИК – спектроскопиялык талдоо AgilentCary 600, FTIR-801 Simex, NicoletAvatar 370 GDTS; ФСМ-2021, ООО «Инфраспек» ИК-Фурье-спектрометрлерде жүргүзүлдү.

2.2.2. УФ - спектроскопия. Биз “Экохим” ЖЧКсы чыгарган ПЭ-5400УФ, спектрдик диапозону 190дон 1000нмге чейин, ошондой эле УФ-спектрометр СФ-200 ЗАО «ОКБ СПЕКТР», спектралдык диапозону 190дон 1100нм ге чейинки спектрофотометрлерди колдондук.

2.2.4. Скандоочу электрондук микроскопия (СЭМ). Биздин ишибизде JEOLJSM-6490LA СЭМ аппараты колдондулду.

2.2.5. Дисперстик фазанын өлчөмүн аныктоо. Динамикалык лазердик жарык чачуучу MalvernZetasizerNanoZS 90 (Великобритания), 2013 аппараты колдонулду.

2.2.6. Изомолярдык катар методу (Остромыслендик-Жоб методу). Изомолярдык сериялар $1\cdot10^{-3}$ и 10^{-4}М, pH 7,2 (фосфордук буфер $Na_2HPO_4 - NaH_2PO_4$) компонетттердин суу эритмелеринен даярдалган, алар антибаттык катышта (1:9дан 9:1ге чейин) жалпы көлөмү өзгөрүүсүз аралаштырдык. Аралашмалар Multi PSU-20 орбиталык мультишейкерде тынымсыз аралаштыруу менен 40 мүнөт кармалып турду.

2.2.7. Кванттык-химиялык эсептөө ыкмалары. Иште PM6 и MP2/6-311++G(d,p) ыкмалары GAUSSIAN-09 программалык пакетинде колдонулду.

2.3. Күмүш нитратынын катышуусунда төмөнкү концентрациядагы аминокислоталардын эритмелеринен гидрогелдерди даярдоо ыкмасы. Аминокислоталардын күмүш нитратын камтыган эритмелерин даярдоо ыкмасы**.** 10^{-3}M концентрацияда L-Cys, L-Glu, L-Lys жана 10^{-3}M күмүш нитратынын эритмелери даярдалды. Изомолярдык катарлар ыкмасы менен 1,25 катышта Cys:$AgNO_3$, (ЦКЭ), Glu:$AgNO_3$ (ГКЭ) жана Lys:$AgNO_3$ (ЛКЭ) эритмелери антибаттык катышта (1:9, 2:8, 3:7, 4:6, 5:5, 6:4, 7:3, 8:2, 9:1) аралаштыруу менен алынды. Аралашмалар 20-25 мүнөт шейкерде кармалды. Андан кийин гидрогелдер глицирамдын10^{-3}M концентрациядагы эритмеси жана ЦКЭ, ГКЭ, ЛКЭ эритмелери менен GC:ЦКЭ, GC:ГКЭ и GC:ЛКЭ катышта изомолярдык катарлар ыкмасы менен 1:9, 2:8, 3:7, 4:6, 5:5; 6:4, 8:2, 9:1 антибаттык катышта аралаштыруу менен алынды.

3- бап. Жеке изилдөөнүн жыйынтыктары жана аларды талкулоо.

3.1. Глицирам жана глициндин ортосундагы комплекстин түзүлүүсү.

3.1.1. GC+Gly комплексинин компоненттеринин катышын УФ-спектроскопиялык изилдөө.

3.1.1.1 - сүрөттө оптикалык тыгыздыктын ΔA өзгөрүшүнүн изомолярдык катардын компоненттеринин λ=255 нм, Gly=10^{-4}M и GC= 10^{-4}M, pH 7,2 катышына көз карандылыгын көрүүгө болот; ΔA көз карандылыгынан жана изомолярдык катардын компонеттеринин катышы 1:1 боло тургандыгы аныкталган (3.1.1.2 -сүрөт).



3.1.1.1 - сүрөт. Глицирам (GC) жана глициндин (Gly) изомолярдык катарда pH 7,2 (GC жана Gly концентрациясы 10^{-4} моль/л) болгондогу УФ-синирүү спектри.



3.1.1.2 - сүрөт. Оптикалык тыгыздыктын өзгөрүшүнүн ΔA изомолярдык катардын компоненттеринин λ=255 нм ((Gly)=10^{-4}M менен, (GC)= 10^{-4}M, менен pH 7,2)) катышына көз карандылыгы.

3.1.2. Глицирам жана глициндин супрамолекулалык комплекстин алынышы; ИК-спектроскопиялык изилдөө:



3.1.2.1 - сүрөт. Глицирам (GC)дын ИК-спектри.



3.1.2.2 – сүрөт. Глициндин (Gly) ИК - спектри.



3.1.2.3 – сүрөт. Глицирам (GC) жана глициндин (Gly) комплексинин ИК – спектри.

GC жана Gly баштапкы бирикмелеринин жана алардын комплекстеринин ИК-спектрлерин салыштыруу жана анализдөө СМС түзүүдө негизинен аминокислоталардын иондоштурулган карбоксил топтору катышаарын көрсөтөт, анын өткөрүү тилкеси комплексте 8 $см^{-1}$ жылат, ал эми жогорку интенсивдүүлүгү төмөндөйт, аминокислотанын NH_3^+цвиттер-ионунун өтүү тилкеси да олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болот, бул суутектик байланыштардын пайда болуусу менен аминокислотанын цвиттер-иондук формасынын бузулушун корсөтөт жана бул 3628,2 - 3566,7 $см^{-1}$, чөлкөмүндогү өткөрүү тилкелеринин пайда болушун корсөтөт, бул баштапкы глицинде жок NH- байланышынын созулган термелүүсүнө туура келет. Глицирамдын молекуласындагы C_{11}=O 37$см^{-1}$ ге жылышы байкалат. Глицирамдын CO, C-O-C, C-OH байланыштары дагы кичине өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мунун баары GC жана Gly молекулаларынын ортосундагы электростатикалык өз ара аракеттенүүнү көрсөтүп турат.

3.2. Глицирам (GC) менен L - глутамин кислотасынын (Glu) ортосунда супрамолекулалык комплекстин түзүлүүсү

3.2.1. GC+Glu комплексинин компонеттеринин катышын изилдөө.

3.2.1.1 - сүрөттө глицирамдын (GC) жана глутамин кислотасынын (Glu) эритмелеринин pH 7,2 (GC жана Glu концентрациялары 10^{-4}M) изомолярдык катышта УФ-синирүү спектри көрсөтүлгөн; 3.2.1.2 - сүрөттө оптикалык тыгыздыктын ΔA өзгөрүшүнүн λ=235 нм, Glu=10^{-4}M и GC= 10^{-4}M, pH 7,2 болгондо изомолярдык катардын компоненттеринин катышына көз карандылыгын көрсөтөт; комплекстеги компонеттердин катышы 1:1 экендиги келип чыгат.



3.2.1.1 - сүрөт. Глицирамдын (GC) жана L-глутамин кислотасынын (Glu) эритмелеринин pH 7,2 (GC жана Glu концентрациялары 10^{-4}M) изомолярдык катышта УФ-синирүү спектри.



3.2.1.2 – сүрөт. Оптикалык тыгыздыктын ΔA өзгөрүшүнүн λ=235 нм ((Glu)=10^{-4}M, (GC) = 10^{-4}M, pH 7,2) болгондо изомолярдык катардын компоненттеринин катышына көз карандылыгы.

3.2.2. Глицирам (GC) менен L - глутамин кислотасынын (Glu) супрамолекулалык комплексинин синтезделиши; ИК – спектроскопиялык изилдөө



3.2.2.1 – сүрөт. L-глутамин кислотынын (Glu) ИК- спектри.



3.2.2.2 -сүрөт. Глицирам жана L-глутамин кислотынын (Glu) комплексинин ИК- спектри.

Комплекстин компоненттеринин спектрлеринен жана комплекстин өзүнөн көрүнүп тургандай, GC менен L-Glu өз ара аркеттенүү учурунда иондошпогон карбоксил топтору өзгөрүүсүз калат, бирок глутамин цвиттерионунда – аминокислотанын I тилкесинин жылышында өзгөрүүлөр болот – 21 $см^{-1}$, II аминокислота тилкеси – 10 $см^{-1}$, C-O-C байланыштары да өз ара аракеттенишүүдө

Глицирамдын C-OH жана C-H байланыштары үчүн жооптуу тилкелер бир аз жылган. Ошентип, комплекстердин компоненттеринин ортосунда элепктростатикалык өз ара аркеттенүү бул жерде да ишке ашат.

3.3. Глицирам (GC) менен D - аспарагин кислотасынын (D-Asp) ортосунда супрамолекулалык комплексинин түзүлүүсү

3.3.1. GC+ Asp комплексинин компонеттеринин катышын изилдөө.

Комплекстин составы изомолярдык катар ыкмасы менен аныкталды. 3.3.1.1 - сүрөттө глицирамдын (GC) жана аспарагин кислотасынын (Asp) эритмелеринин pH 7,2 (GC жана Asp концентрациялары 10^{-4}M) изомолярдык катышта УФ-синирүү спектри көрсөтүлгөн; 3.3.1.2 - сүрөттө оптикалык тыгыздыктын ΔA өзгөрүшүнүн λ=240 нм, Glu=10^{-4}M и GC= 10^{-4}M, pH 7,2 болгондо изомолярдык катардын компоненттеринин катышына көз карандылыгын көрсөтөт; комплекстеги компонеттердин катышы 1:1 экендиги келип чыгат.



3.3.1. 1 - сүрөт. Глицирамдын жана D-аспарагин кислотынын эритмелеринин pH 7,2 (GC жана Asp концентрациялары 10^{-4}M) изомолярдык катышта УФ-синирүү спектри.



3.3.1.2 – сүрөт. Оптикалык тыгыздыктын ΔA өзгөрүшүнүн λ=240 нм (Asp,10^{-4}M, GC= 10^{-4}M, pH 7,2) болгондо изомолярдык катардын компоненттеринин катышына көз карандылыгы.

3.3.2. Глицирам (GC) менен D - аспарагин кислотасынын (D-Asp) супрамолекулалык комплексинин синтезделиши; ИК – сппектроскопиялык изилдөө



3.3.2.1 – сүрөт. D-аспарагин кислотынын (Asp) ИК – спектри.

GC менен Asp жогорудагы ИК – спектрлерин алардын өз ара аракеттенүүлөрүн салыштыруудан да көрүүгө болот, молекулалык комплекстин пайда болушунда NH_3^+ созулган термелүү тилкелери узун толкундуу аймакка жылып кетээрин да көрүүгө болот.



3.3.2.2 – сүрөт. Глицирам (GC) менен D-аспарагин кислотасынын (Asp) комплексинин ИК-спектри.

I NH_3^+ аминокислота тилкесинин -10,6 $см^{-1}$ жана II NH_3^+ аминокислота тилкесинин -3,0 $см^{-1}$ жылышы бар. GC дагы C-O-C, C-OH байланыштары үчүн жооптуу тилкелерди озгөртүү менен, алар да өз ара аракеттенет деген тыянак чыгарууга болот. Аминокислоталардын COO^- тобунун термелүүсү да өз ара аракеттенүүгө кирет. Глицирамдагы C-O-C, C-OH байланыштары үчүн жооптуу тилкелерди өзгөртүү менен, алар да өз ара аркеттенет деген тыянак чыгарууга болот.

3.4. Глицирамдын (GC) менен L-цистеиндин (L-Cys) ортосунда супрамолекулалык комплекстин түзүлүүсү.

3.4.1. Глицирамдын (GC) жана L-цистеиндин (L-Cys) комплексинин компоненттеринин өз ара ааркеттенүүсүн УФ- спектроскопиялык аныктоо

GC жана Cys ортосундагы молекулалар аралык өз ара аракеттенүүлөрдүн болушу УФ- спектроскопия ыкмасы менен аныкталган. Цистеиндин туруктуу концентрациясында глицирамдын концентрациясынын жогорулашы менен эритмелердин оптикалык тыгыздыгынын жогорулашы байкалат – гиперхромдук эффект (3.4.1.1- сүрөт). Ошол эле учурда глицирамдын синирүү максимуму (10^{-3}M эритме) иш жүзүндө аминокислотанын концентрациясынын жогорулашы менен өзгөрбөйт.



3.4.1.1 – сүрөт. Цистеиндин туруктуу 10^{-3}M жана глицирамдын ар турдуу 0M (1-ийри сызык), $0.50 \cdot 01^{-4}$M (2), 10^{-4}M (3), $0.25 \cdot 10^{-3}$M (4), $0.50 \cdot 10^{-3}$M (5), $0.75 \cdot\cdot 10^{-3}$M (6) и 10^{-3}M (7) концентрацияларында алынган УФ-спектрлери.

Алгачкы кошулмалардын (GC жана Cys) ИК – спектрлерин талдоо жана алардын комплексинин NH_3^+ цистеин комплексинде олуттуу өзгөрүүлөргө

дуушар болоорун, тилкелер комплексте +23,8 см$^{-1}$, глицирамдын OH жана NH тилкелерине жылышын көрсөтөт; тиолдук байланыш тилкеси көрүнбөйт.



3.4.1.2- сүрөт. Цистеиндин (Cys) ИК -спектри.

I NH_3^+ аминокислота тилкеси комплексте +3 см$^{-1}$, карбоксил тобунун тилкеси 6 см$^{-1}$ өзгөрөт. Ошентип бул өзгөрүүлөр GC жана L-цистеиндин ортосундагы электростатикалык өз ара аркеттенүүнү көрсөтүшү мүмкүн.



3.4.1.3 - сүрөт. Глицирам менен цистеиндин (GC+Cys) ИК-спектри.

3.4.3. Глицирам (GC) менен L-лизин (L-Lys) ортосундагы супрамолекулалык комплекстин түзүлүүсү.

3.4.3.1. Глицирам (GC) жана L-лизиндин (L-Lys) комплексинин компоненттеринин өз ара аркеттенүүсүн УФ - спектроскопиялык аныктоо

GC жана Lys ортосундагы молекулалар аралык өз ара аракеттенүүлөрдүн болушу УФ- спектроскопия ыкмасы менен аныкталган. Лизиндин туруктуу концентрациясында глицирамдын концентрациясынын жогорулашы менен эритмелердин оптикалык тыгыздыгынын жогорулашы байкалат – гиперхромдук эффект, ошондой эле батохромдук – жутуу максимунун узун толкун аймагына жылышы (3.4.3.1.1- сүрөт).



3.4.3.1.1 – сүрөт. Лизиндин туруктуу 10^{-3}М жана глицирамдын ар турдуу 0 М (1-ийри сызык), $0.50{\cdot}01^{-4}$М (2), 10^{-4}М (3), $0.25{\cdot}10^{-3}$М (4), $0.50{\cdot}10^{-3}$М (5), $0.75{\cdot}{\cdot}10^{-3}$М (6) и 10^{-3}М (7) концентрацияларында алынган УФ- спектрлери.

3.4.3.2. GC, Lys жана GC + Lys комплексинин баштапкы компонеттеринин ИК-спектрлери.

Жеке компонеттердин (GC жана Lys) ИК –спектрлеринин анализи жана алардын молекулалык комплексинин маалыматтарын талдоодон, компоненттердин ортосунда өз ара аркеттенүү бар деген тыянак чыгарууга болот жана аминокислотанын цвиттер-ион түрү жана анын каптал амин тобу да тартылган. NH_3^+ цистеин комплексинде олуттуу озгөрүүлөргө дуушар болоорун



3.4.3.2.1- сүрөт. L-лизиндин (Lys) ИК-спектри.



3.4.3..2.2 – сүрот. GC+ Lys комплексинин ИК-спектри.

көрсөтөт, тилкелерде жылыш +23,8 $см^{-1}$, глицирамдын OH жана NH тилкелери да өзгөрөт; тиолдук байланыш тилкеси көрүнбөйт. I NH_3^+ аминокислота тилкеси комплексте +3 $см^{-1}$, карбоксил тобунун тилкеси 6 $см^{-1}$ өзгөрөт. Ошентип бул өзгөрүүлөр GC жа L-цистеиндин ортосундагы электростатикалык өз ара аркеттенүүнү көрсөтүшү мүмкүн. Ошентип комплексте 3886 – 3675,6 (ε-NH_2) боюнча көптөгөн начар тилкелер пайда болот, алар бул топтун GC молекуласы менен суутек байланыштарын түзүүгө катышкандыгын көрсөтөт.

Комплексте OH жана NH_4^+ глицирамдын өз ара аркеттешүүсү үчүн жооптуу болгон кен тилке (3403,7 $см^{-1}$) пайда болот. I NH_3+ жана II аминокислота тилкелери үчүн жооптуу тилкелерде өзгөрүү бар. Ушунун баары комплекстин компоненттеринин суутек байланыштарынын пайда болушунан жана глицирам функционалдык топтору менен лизин цвиттер-ионунун электростатикалык өз ара аркеттенүүсүнөн кабар берет.

Ошентип изилденген аминокислоталар менен глицирамдын УФ-, жана ИК-спектрлерин талдоонун негизинде, ошондой эле алынган натыйжаларды башка глицирамдын аминокислоталар менен молекулалык комплекстери жөнүндө

маалыматтарды камтыган адабияттарды кароодо берилшен адабият маалыматтары менен салыштыруунун негизинде, биз глицирамдын глицин, L – цитстеин, L – лизин, L – глутамин жана D – аспарагин кислоталары менен 1:1 катышында молекулалык комплекстери аынган деген тыянак чыгара алабыз.

3.5. Глицирам менен аминокислоталардын супрамолекулалык комплекстерин моделдөө. Кванттык химиялык эсептөөлөр.

Комплекстердин компоненттеринин бири-бирине салыштырмалуу жайгашуусу жөнүндөгү маселе бул маанилүү, бирок чечилиши кыйын суроолордун бири, аны кванттык химиялык эсептөө аркылуу чечүүгө болот. Супрамолекулаларды куруу үчүн биз глицирам молекуласын “кожоюн” катары карадык жана “конок” аминокислоталар – нейтралдуу катары глицин, негизги катары лизин жана кислоталуу аминокислота катары глутамин кислотасы тандалды. Аминокислоталардын глицирамга салыштырмалуу жайгашууга мүмкүн болгон жерлери, суутектик байланыштары менен 3.5.1 – сүрөттө көрсөтүлгөн.



3.5.1 – сүрөт. Глицирам аминокислоталардын цвиттериондору менен суутектик байланыштар аркылуу комплексти пайда кылууга мүмкүн болгон жерлери.

Глицирам молекулалары менен аминоислоталардын өз ара аркеттенүү энергиясын эсептөөдөн мурда, алгач GAUSSIAN -09 программалык пакетинде жарым эмпирикалык PM6 ыкмасын колдонуу менен айрым молекулалардын энергиясы эмпирикалык эмес MP2/6-311++G(d.p) кванттык- химия ыкма менен минимумга түшүрүлгөн.

Өз ара аракеттенүүчү молекулалардын энергияларын эсептөө төмөнкү формула боюнча жүргүзүлдү.

$$\Delta H = H_{(комплекс)} - (H_{GC} + H_{аминоксилота}),$$

мында H – комплекстин пайда болуу жылуулугу, H_{GC} – жана $H_{аминокислота}$ – глицирам жана тиешелүү аминокислоталардын пайда болуучу жылуулуктары.

Глицирам жана көрсөтүлгөн аминокислоталардын цвиттер-иондорунун супрамолекулалык системалары үчүн кванттык-химиялык эсептөөлөрдүн жыйынтыгы 3.5.1–3.5.3. - таблицаларда, 2-тиркемеде келтирилген.

3.5.2 – сүрөт боюнча глицирамдын аминокислоталар менен супрамолекулалык системаларынын (СМС) суутектик байланышынын пайда болушу менен комплекстердин пайда болуу жылуулуктарына ылайык бөлүштүрүлүшүнүн графиги келтирилген.



3.5.2 – сүрөт. Глицирамдын аминокислоталар менен супрамолекулалык системаларынын (СМС) суутектик байланыш түзүү менен комплекстердин пайда болуу жылуулуктарына ылайык бөлүштүрүлүшү.

Бул графиктен глицин 3.6.11 – позицияларда, глутамин кислотасы 4.6.11 – позицияларында лизин 2.5.11 – позицияларрында бекем комплекстерди түзушөт деген жыйынтыкка келүүгө болот.

3.6. GC менен изилденген аминокислоталардын комплекс түзүүсүнүн термодинамикалык жана физика-химиялык мүнөздөмөлөрү.

GC жана аминокислоталардын эритмесинде GC менен аминокислоталардын ортосунда тен салмактуулук түзүлөт:

$$GC + АК \leftrightarrows GC{\cdot}АК$$

$$K_{GC\cdot АК} = [GC{\cdot}АК] / [GC + АК], \text{ мында}$$

GC·АК – тен саламктуулук константасы, ал тиешелүү комплекстердин туруктуулук константасы.

Изомолярдык катар ийри сызыктарынын негизинде К комплекстеринин туруктуулук константалары төмөнкү фформула боюнча 1:1 комплекстерге тиешелүү ыкманы колдонуу менен эсептелген, алардын маанилери 3.6.1 – таблицада келтирилген:

$$К = \Delta A_0 \Delta A_1 / c(\Delta A_0 - \Delta A_1)^2,$$

Мында с- заттардын жалпы концентрациясы, ΔA_0 – диссоциация толук жок болгон шартта комплекске туура келген оптикалык тыгыздыктын озгөрүшү, ал

эми ΔA_1 – чыныгы ийри сызыктагы маанике туура келген оптикалык тыгыздыктын өзгөрүшү. Комплекс түзүлүү процесстери үчүн Гибсс эркин энергиялары ΔGда эсептелген, ал төмөнкү формула менен аныкталат:

$$\Delta G = - 2,3RTlgK.$$

Жыйынтыктар 3.6.1 – таблицада да келитирлген.

3.6.1 – таблица. Глицирам жана аминокислоталардын комплекс түзүүсүнүн термодинамикалык параметрлери

Комплекс	К, M^{-1}	ΔG, Дж/ккал	ΔG, ккал/моль
GC·Gly	$2,10 \cdot 10^4$	$-2,46 \cdot 10^4$	-5,87
GC·Cys	$5,17 \cdot 10^4$	$-2,70 \cdot 10^4$	-6,45
GC·Lys	$1,80 \cdot 10^4$	$-2,26 \cdot 10^4$	-5,40
GC·Glu	$1,94 \cdot 10^4$	$-2,43 \cdot 10^4$	-5,80
GC·Asp	$1,90 \cdot 10^4$	$-2,42 \cdot 10^4$	-5,78

Глицирам менен аминокислорталардын комплекстеринин физико-химиялык мүнөздөмөлөрү жана элементтик анализи аныкталган. Жыйынтыктары 3.6.2, 3.6.3. – таблицаларда келтирилген.

Таблица 3.6.2. Глицирам жана аминокислоталардын комплекстеринин эрүү температурасы жана оптикалык активдүүлүгү.

Компоненты	$T_{плав.}$ ^{0}C исходных веществ	$T_{плав.}$ ^{0}C компл. GC+амино-кислота	Уд.вращение, $[\alpha]^{20}_D$ исх. веществ	Уд. вращение, $[\alpha]^{20}_D$ компл. GC+аминокис-лота
Глицирам (GC)	220-222		$140,45^0$	
Глутаминовая кислота (Glu)	249	203-205	+12,6	-177,36
Аспарагиновая кислота (Asp)	270	240-246	+25,4	-132,20
Цистеин (Cys)	178	208-210	-16,5	-112,85
Лизин (Lys)	224	216-218	+13,5	-160,47

Таблица 3.6.3. GC Gly, Glu, Asp, Cys, Lys менен комплекстеринин элементтик анализи

Соединение	Брутто формула	Выч-но,% /най-но,%	Выч-но,% /най-но, %	Выч-но,% /най-но, %
		C	H	N
GC+Gly	$C_{42}H_{61}O_{16}NH_4^+ \cdot 4H_2O \cdot C_2H_5NO_2$	53,50 / 53,98	7,66 / 7,97	3,06 / 3,35
GC+Glu	$C_{42}H_{61}O_{16}NH_4^+ \cdot 4H_2O \cdot C_5H_9NO_4$	53,26 / 53,47	7,51 / 7,68	2,84 / 2,92
GC+Asp	$C_{42}H_{61}O_{16}NH_4^+ \cdot 4H_2O \cdot C_4H_7NO_4$	52,82 / 52,91	7,41 / 7,53	2,88 / 2,97

GC+Cys	$C_{42}H_{61}O_{16}NH_4^+ \cdot 4H_2O \cdot C_3H_7NO_2S$	52,27 / 52,67	7,50 / 7,75	2,92 / 3,23
GC+Lys	$C_{42}H_{61}O_{16}NH_4^+ \cdot 4H_2O \cdot C_6H_{14}N_2O_2$	54,44 / 54,72	8,20 / 8,81	4,26 / 4,48

Бул таблицалардын маалыматтарынан алынган комплекстер баштапкы компонеттеринен айырмаланган жаны заттар деп тыянак чыгарууга болот.

Аминокислоталардын күмүш эритмелеринин супрамолекулалык системасы.

